| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУ<br>ОРОЗБЕКОВ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ОРОЗБЕКОВСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА |
|---|---|---|

**Орозбеков айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги он бешинчи сессиясы**

**Токтом №89**

**Орозбеков айылы** **2023-жылдын 01-февралы**

**Орозбеков айыл аймагынын жергиликтүү салыктар үчүн коэффициентин бекитип берүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселе боюнча айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысынын милдетин аткаруучу З.Максутовдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, 2022-жылдын 18-январында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын “Салык кодексинин” 412-беренесинин 2-пунктуна негиз Орозбеков айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Айыл чарба багытындагы мамлекеттик фондундагы жерлердин салыктары топурактын бонитетинин баллын эске алуу менен төмөнкү тарифтер бекитилсин:
1 га жер аянтына : сугат айдоо 156 (жүз элүү алты) сом, ижара акысы 2500 ( эки миң беш жүз) сом; кайрак айдоо 41(кырк бир) сом, ижара акысы 2000 (эки миң) сом; бак 150 (жүз элүү сом) сом,ижара акысы 2167 (эки миң бир жүз алтымыш жети) сом; чөп чабынды 25 (жыйырма беш) сом,ижара акысы 1000( бир миң ) сом.

2 Калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлер үчүн алынуучу салыктарга 1,2 коэффициент бекитилсин.

3. Өздөштүрүлүп, убактылуу пайдаланууга жана жеке менчикке которулган айыл чарба багытында жер салыгына гектарына 1200 ( бир миң эки жүз) сом бекитилсин.

4. Калктуу конуштардагы жанаша, короо жай жана багбанчылык-огород жер участокторунан тышкары, ашыкча жер участогунун салыгы келишимдин негизинде ижара акысы гектарына 2000 (эки миң) сомдон төлөнсүн.

5 .Таштандыларды чыгаруу салыгы 50 (элүү) сомго калтырылсын.

6 .Ушул токтомду аткаруу жагы айыл өкмөтүнө жүктөлсүн жана көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет, экономика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Орозбеков айылдык кеңешинин төрагасы:** **О.Ибрагимов**